**О5-1**

# Бекитилген китепкананын жобосу

Сканировано с CamScanner

Каралды:

Педогогикалык кеңеш
№ 2
"4" 11 2022 ж.

Бекитемин:

Х. Жээнбаев атындагы
мектеп-лицейинин
директору ______ Атаев Б.С.

**Мектеп китепканасы жөнүндө жобо.**

**1.Жалпы жобо.**

1.1. Китепкана –билим берүү уюмунун билим берүү жана тарбия берүү максатында окутуу тилдерине ээлик кылуу формалары, окуу жана атайын китепкана функцияларын айкалыштырган китеп жана билим берүү мекемеси иш алып барган мектептин түзүмдүк бөлүмчөсү.

1.2. Мектеп китепканасы ишти мектептин мугалимдер жамааты менен биргеликте алып барат.

1.3. Мектеп китепканасы мектеп окуучуларын жана педагогикалык кызматкерлерди тейлеген билим берүү маданият системасынын китепканалары менен кызматташат.

1.4. Мектеп китепканасынын белгиленген үлгүдөгү мөөрү болот.

1.5. Өз ишинде мектеп китепканасы ушул жобону жана уставын жетекчиликке алат.

2. Мектеп китепканасынын негизги милдеттери:

2.1. окуучулардын маалымат маданиятын¸китепке болгон сүйүүсүн окуу маданиятын китепкананы пайдалана билүүгө тарбиялоо:

2.2. окуучуларды чыгармачыл ой- жүгүртүү таанып-билүү кызыгуусун жана жөндөмдөрүн өстүрүү мектеп программасын ийгиликтүү өздөштүрүү үчүн адабиятты системалуу окуу муктаждыгына үйрөтүү;

2.3. китепкана ишинин ар түрдүү түрлөрү жана ыкмалары менен окуучулардын жана мектептин педагогикалык кызматкерлеринин өздөрү билим алуусуна,алардын социалдык,маданий муктаждыктарын адабият менен камсыз кылууга жардам берүү;

2.4. китепкана фондуларын ыкчам сапаттуу түзүү жана окурмандарды маалыматтык-китепканада тейлөө жолу менен билим берүү процессинин мазмунун көп түрдүү,мектеп жамаатынын программалык педагогикалык багыттарын өзгөчө кылуу;

2.5. педагогикалык адабиятты жана ал тууралуу маалыматты жайылтуу жолу менен мектеп мугалимдеринин методикалык педагогикалык чеберчилигин жогорулатууга ар тараптуу жардам берүү.

**3. Мектеп китепканасынын ишин уюштуруу.**

Мектеп китепканасынын ишердүүлүгүн иш жыйынтыктары үчүн жооптуу китепканачы уюштурат.

3.1. Китепканачынын иш режими Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына,мектептин ички иш тартибинин эрежелерине ылайык бекитилет.

Сканировано с CamScanner